УДК:371.8.062

*Асанова Гүльмира Балтабаевна*
*e-mail: gulmira.asanova.83@bk.ru*
*Ош мамлекеттик университети*

# ПЕДАГОГДУН ИННОВАЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

# ИННОВАЦИОННАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПЕДАГОГА

# INNOVATIVE ACTIVITY OF A TEACHER

***Аннотация:*** *Макалада мугалимдин окутуу-тарбиялоо процессинде сабакты уюштуруудагы инновациялык ишмердүүлүгү, көп кырдуу зээн теориясы каралды.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены задачи постановки проблемы, мыслительных операций, проблемы осмысления, обработки гипотезы, проверки гипотезы при решении учебно-позновательных задач.*

***Abstract:*** *In the article the problems of statement of a problem, thought operations, problems of comprehension, processing of a hypothesis, hypothesis testing at the decision of educational-cognitive problems are considered.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *инсан, чыгармачылык, чыгармачылык потенциал, активдүүлүк, жөндөмдүүлүк, окутуунун информациялык каражаттары, субъект, объект, мотивация.*

***Ключевые слова:*** *личность, творческий потенциал, активность, способность, средства информационного средства обучения, субъект, объект, мотивация.*

***Key words:*** *personality, creativity, activity, ability, means of information means of instruction, subject, object, motivation.*

Азыркы күндөгү билим берүү процессинде мугалимдин инновациялык ишмердүүлүгү башкы орунда турат. Прогрессивдүү коомдун өнүгүшүндөгү мугалимдин жаңы технологиялар менен окутуусу, ишке болгон жогорку чыгармачыл жөндөмдүүлүгү, билиминин жогорку деңгээли, жаңычыл көз карашы, окутуудагы жана тарбиялоодогу алдыңкы тажрыйбасы, коммуникативдик, маалымат технологияларды деңгээлде өздөштүрүүсү, окуу процессин жаңы чыгармачыл багыттар менен уюштурушу аркылуу инновациялык ишмердүүлүгү көрүнөт. Окутуу-тарбиялоо процессинде пайдаланылуучу технологиялар жана аларды колдонуу ыкмалары, алардын мааниси, түрлөрү тууралуу педагогика илиминде окумуштуулардын бир катар теориялык жана практикалык изилдөөлөрү белгилүү. Учурда салттуу методдорду жана жаңычыл технологияларды ылайыктуу айкалыштыруу менен окутуу процессинде алгылыктуу натыйжаларга жетишкен мугалимдер бар. Прогрессивдүү коомдогу педагогика тармагына чет элдик педагогикалык ойлордун келип кириши да маанилүү.

Чыныгы мугалим пландоо, үйрөтүү-үйрөнүү процессинде окуучунун көптөгөн талаптарын эске алуу менен, билим берүүдө каалаган өзгөрүүлөрдү жарата алат. Эң маанилүүсү - окуучу «өмүр бою» үйрөнүүнүн маанисин түшүнөт. Коомдо ийгиликке жете алуунун, күрөшө билүүнүн жана илгерилей алуунун жалгыз жолу – окуп үйрөнгөндү иш жүзүнө ашыра билүү экендигин аңдайт. “Анык мугалим окуучунун аракеттеринде адат болуп калуучу жана ар кандай өзгөрүүлөрдүн жүзөгө ашышы үчүн керектүү болгон процессти иш борборуна коёт” [1;98], – деп жазышат түрк педагогдору Сервет Өздемир жана Х. Ибрахим Ялын. Бул окумуштуулар мугалимдин мектеп чөйрөсүндөгү ролу, тиешелүү сапаттары, милдеттери, окуу процессин уюштуруу ишмердүүлүктөрүн, жаңычыл мугалимге мүнөздүү талаптарды ачып беришкен. Ошондой эле педагогика илиминин теориясында аныкталган таасирдүү мугалимдин кесиптик өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшкөн. Мугалимдин шыктандыруучу жана стимул берүүчү сапаттарга ээ болушу керектигин, сабакта демократиялуу чөйрө түзө билүүсү, окуучуларга жакын мамиле түзө билүү, инсандыгы, окуучуга берген маалыматы, билими, кыймыл-аракети, ишмердүүлүгү, оптимисттик көз караршта болуусу ийгиликке жетүүгө ишенимин, чоң үмүттө болуусун белгилешип: «Таасирдүү мугалим - өз предмети тармагында устат, өзүнө ишенген, салмактуу

сүйлөгөн, кесибине ылайык жана кесиптик компетенциясын дайыма өнүктүрүүгө аракет кылган мугалим» [1;98], – деп белгилешкен түрк педагогдору Сервет Өздемир жана Х. Ибрахим Ялын.

Демек, мугалимдин окутуу процессиндеги окуучуга таасирдүүлүгүн, максатын жүзөгө ашыруудагы изденүүсүн жаңычыл мугалимдин ишмердүүлүгү катары кароого болот. Жогорудагы түрк окумуштууларынын эмгегинде белгиленгендей, окутуу чөйрөсүндө окуучулардын кызыгуусун ойготкон жана аны жүзөгө ашыра алуунун сыры окуучулардын сабакка активдүү катышуусун камсыздоо экендиги. Активдүү катышууга жетишүү үчүн төмөнкүдөй окутуу ыкмаларын сунушташат:

- көрүү-угуу материалдарын колдонуу;
- окуучуларда суроо коюу, суроо түзө билүүнү көнүктүрүү;
- конспектилөө ишине жол көрсөтүү;
- дискуссияга стимул берүү;
- ролдорду аткаруу же имитация техникаларын колдонуу;
- сабакта копетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды чечүүнү уюштуруу;
- инсандын эргүү учурун пайдалануу;
- жардамчы материалдарды даярдоо;
- формаланбаган тесттерди пайдалануу;
- түшүнүк схемасын жаратуу;
- «үйрөндүм, жасай алам» жана «кызыгуудамын» сөздөрүн окуучулар колдоно ала тургандай жагдай түзүү.

Жогоруда сунушталган ыкмалардын дээрлик көпчүлүгү азыркы учурда интерактивдүү методдор аркылуу мугалимдер сабактарында пайдаланышат. «Билим берүү – бул инсандын өз өмүрүнүн агымы, активдүү аракети аркылуу жашоо үчүн зарыл жана жетиштүү билимдерди жана жүрүм-турумдарды, көндүмдөрдү өздөштүрүү процесси. Билим берүүнүн өзөк мазмунун өздөштүрүлүүчү жүрүм-турум ишмердүүлүк түшүнүктөрү түзөт. Адам баласы өмүр бою түрдүү ишмердүүлүк тажрыйбасын үзгүлтүксүз өздөштүрүү аракетинде болот. Аларды төмөнкүдөй тармакка бөлүп кароого болот:

- таанымдык тармак (маалымат иштетүү менен байланыштуу акыл-эс же ойлом ишмердүүлүгү);
- туюмдук тармак (жекече кулк-мүнөз,  ышкы, жугумдуу же сүймөнчүк болуу, чөйрөнү таза сактоо ж.б. менен байланыштуу көндүмдөр);
- кыймылдык же психомотордук тармак (шык-жөндөм жана курал-жабдыктарды колдонуу, музыкалык аспапта ойноо, чабандестик, уздук, устачылыкка байланыштуу ишмердүүлүк)» [2; 11-12].

Бул адам баласына таандык ишмердүүлүктөрдө белгиленгендей, жеке инсан катары ошол ишмердүүлүктөрдү алып жүргөн, чыгармачылык менен практикада колдоно алган мугалимдин өзгөчөлүгүн аныктоого болот. Ал эми мугалимдин инновациялык ишмердүүлүгүн окутуу процессиндеги тажрыйбасына ылайык ошол жөндөмдөрүн түрдүү ыкма менен сабагында колдоно алгандыгынан көрүүгө болот. Окутуу процессин окуучунун өзүнүн активдүү аракетинин негизинде, майнаптуу, натыйжалуу үйрөнүшүнө ылайык уюштура алган, ага окуп-үйрөнүүнүн жолдорун көрсөтүп, өзүн-өзү өркүндөтүшүн камсыз кылган, окуучулардын жеке өзгөчөлүгүн эске алган, чыгармачыл иш-аракеттерди аткарган мугалим инновациялуу ишмердикке, жаңычылдыкка умтулат. Жаңычыл мугалим катары инновациялык ишмердүүлүгү окуучулардын социалдык-личносттук, коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу максатында сабакты уюштуруунун формаларын, окутуунун мазмунун, окутуу технологияларын ылайыктуу тандап, колдоно алган мугалимди айтууга болот. Окуучулардын негизги өзөктүү компетенттүүлүктөрү, алардын аспекттери жана деңгээлдери жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынан белгилүү. Ал компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү маселесин чечүү мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүгү менен байланышкан.

Белгилүү педагог Н.Асипова: «Ар кандай продуктуларды иштетүүдө адамдын чыгармачылык мүмкүнчүлүгү негизги өндүрүмдүү күчкө айланат дагы, инсандын өзүн-өзү жаратуучулук, өзүн-өзү өнүктүрүүчүлүк, өзүн-өзү уюштурууучулук сапаттары бааланат жана анын натыйжасында, инсандын инновациялык ишмердүүлүгү күч алат» [4;26] – деп белгилегендей, мугалим окутууда компетенцияларды калыптандыра ала тургандай методдорду издөө, колдонуу аркылуу окутуунун, билим берүүнүн максаттарын камсыздай алат.

«Метод – бул объективдүү жана субъективдүү бөлүктөргө ээ болгон, анын натыйжалуулугу эки бөлүктүн эриш-аркак, карым-катышта аракеттенүүсү менен шартталган белгилүү бир максатка жетүү процессиндеги мугалим менен окуучунун иш-аракеттери, биргелешкен ишмердүүлүктүн ыгы, жолу» [3;17]. Окуучулардын активдүүлүгүн, кызыгуусун, чыгармачыл эргүүсүн жараткан сабактын чыгармачылык этабында колдонулган методдор аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык компетенциясын өнүктүрүү максатын алып чыгууга болот. Чыгармачылык эстетикалык ырахат тартуулайт, өзүнө болгон ишенимди жаратат, евристикалык методго багыттайт.

«Көп кырдуу зээн теориясы» Говард Гарднер тарабынан 1983-жылы изилденип чыккан. Бул теорияга ылайык, адамдын акыл-парасаты, зээни, сөз өнөрү, эсептөө жөндөмдөрү менен эле чектелбестен, ага кошумча окуучунун жекече өзгөчөлүгүн ичине камтый тургандыгы белгиленет. Теориянын максаты – адамдын көп кырдуу иштерди аткарууга жөндөмдүү экендигин бекемдөө. Мында жеке адамдын кайталангыс нарк-насилин, анын жөндөм-мүмкүнчүлүктөрүн терең аңдап-таануу керектиги жана ага шайкеш шарт түзүлгөн учурда үйрөнүү процессинин натыйжалуулугу дагы артары алдыңкы планга чыгат. Анда зээндин түрлөрү төмөнкүдөй белгиленет:

- тилдик зээн - (көркөм сөз чеберлери);
- музыкалык зээн - (музыканы кабылдаган, туя билгендер, аспаптарда ойногондор, музыканттар ж.б.);
- математикалык – логикалык зээн - (эсептей билүүчүлөр);
- көрө билгичтик зээн - (дүйнөнү туура кабылдоо, сүрөттөрдү туура көрүп баамдоо);
- психомотордук зээн - (спорт жана ритмика жаатындагы оюндарга жөндөмдүү);
- инсандар аралык алака-катыш зээни - (саясатчылар, мугалимдер, тейлөө жаатындагы адамдар);
- жеке өзүнчөлүк зээни - (өзүн-өзү башкара билген, ар кандай ишти акыл парасат менен ийкемдүү жүзөгө ашырган адамдар);
- табигый зээн – табият менен байланыш, кызыгуу;
- бар болуу зээни - (философтор).

Адамдын тубаса акыл-эс жөндөмү билим, окуу, үйрөнүү, үлгү сыяктуу жолдор менен өркүндөйт. Сабакта мугалимдин да окуучунун да табигый жөндөмүн ар тараптан өнүктүрүү максатындагы чыгармачылыкка багытталган, эргүү абалды жараткан ыкмалар биргелешкен ишмердүүлүктү негиздейт. Мугалимдин жана окуучунун табигый жөндөмү, шыгы чыгармачыл сабактын уюштурулушу менен өркүндөйт. Инновациялык технологияларды жайылтууну алдыңкы планга алып чыгуу менен чыгармачыл жүзүн көрсөткөн мугалимдин ишмердүүлүгү кеңеет. Эң негизгиси, көп кырдуу зээн теориясын пайдалануу аркылуу окуучулардын таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык, коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүү менен акыл-эсинде камтылган шык-жөндөмдөрүн алып чыгууга болот.

**Адабияттар:**

1. Сервет Өздемир, Х.Ибрахим Ялын. Мугалимдик кесипке киришүү. –Б., 2002, 98 б.
2. Ташпынар Мехмет, Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. –Б., 2004,11-12 б.
3. Рахимова М.Р., Панкова П.В., Калдыбаева А. Педагогикалык ойлордун жана билим түрк педагогдору Сервет Өздемир жана Х. Ибрахим Ялынербүүнүн тарыхы. –Б., 2002, - б.17
4. Асипова Н. Билим берүү философиясы. –Б., 2010 - б.26.